**«БЕКИТЕМИН»**
**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук илимдер академиясынын**
**А.А.Алтмышбаев атындагы Философия**
**институтуиун директору**
**философия илимдерининин доктору**
**профессор Н. К. Саралаев**

______________________

30.10.23______________

Акматова Гульнара Эргешовнанын 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетиткалык табитин калыптандыруу маселелери” аттуу темадагы диссертациясынын КР УИАнын А.Алтмышбаев атындагы Философия институтунун Социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүнүн кеңейтилген жыйынын 2023-жылдагы 25-октябрындагы № 9 протоколунун

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Төрайым:** Стамова Р. Д. филос. илимдеринин доктору, профессор, 09.00.11;

**Катчы**: Жунушова Г.М. филос. илимдеринин кандидаты.
**Катышкандар:** Мукасов Ы. М. - КР УИАнын академиги, филос.илиминин доктору, профессор, 09.00.03; Бекбоев А. - филос.илиминин доктору, профессор, 09.00.03; Сариева К.С. - филос.илиминин доктору, 09.00.01; Нусупов Ч.Т. - филос.илиминин доктору, профессор, 09.00.11; Козубаев О.К. - филос.илиминин доктору, 09.00.03; Жумагулов Т.- филос. и.к.,09.00.03; Айдарова Д.М. - филос.и.к., 09.00.11; Бабашев А.- филос.и.к.,09.00.03; Жунушова Г.- филос.и.к., 09.00.11 (катчы).

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Акматова Гульнара Эргешовнанын 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетиткалык табитин калыптандыруу маселелери” аттуу темадагы диссертациялык ишин талкуулоо.

**Төрайым**: Урматтуу кесиптештер биз бүгүн Акматова Гульнара филсофия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетиткалык табитин калыптандыруу маселелери” аттуу диссертациялык ишин талкуулоо үчүн

чогулуп отурабыз. Эң алды изденүүчү жөнүндө кыскача маалымат алсак, өмүр баян тууралуу айта кетсеңиз, качан жана кайсыл ЖОЖду бүтүргөнсүз?

**Жооп:** Урматтуу төрайым, урматтуу талкуунун катышуучулуры өзүм тууралуу кыскача айта кетсем, мен 1968 – жылы ош областына караштуу Жапалак айылында туулгам. 1991-жылы Ивановсккий текстиль институтун бүтүргөм. 1998 жылдан бери ЖОЖ сабак берем. Үй-бүлөлүү, үч баланын апасымын.

**Төрайым**: Эмесе бары түшүнүктүү болду окшойт. Анда изденүүчүгө сөз берсек, диссертация тууралуу угалы, регламент боюнча диссертантка он минут убакыт берелик.

**Теманын актуалдуулугу.** Ааламдашуу процесси менен аныкталуучу азыркы маданияттагы кырдаал социалдык болмуштун экономикалык, саясий жана руханий детерминанттарынын терс өзгөрүүсү, жаңы интеллектуалдык багыттарды иштеп чыгуу, маданий шайкештикти издөө менен байланышкан. Болуп жаткан өзгөрүүлөр инсандын идентификациясынын ыкмалары алмашкан учурда баалуулуктук аң-сезимдин бир тараптуулугун пайда кылат. Коомдун өнүгүүсүнүн заманбап этабында руханий жактан өнүккөн инсан маселеси курч бойдон турат.

Ааламдашуу процесси иш жүзүндө бардык планетанын масштабында жеке маалыматтык мейкиндикти түзүп, бир жагынан, инсан үчүн шарттарды түзсө, экинчи жагынан нукура улуттук маданий өзөктөн оолак болуп, аны «түзүп» эле тим болбостон, массалык маданият менен алмаштырып, аталган өзөктү жарым-жартылай жоготот. Улам тездик менен бара жаткан массалык маданият, материалдык-техникалык база азыркы мезгилде эң чоң агрессивдүүлүктү жана көпчүлүк учурларда башка маданияттардын кирүүсү жана ассимиляциялануу өнүтүндө кыйла агрессивдүүлүк жана эффективдүүлүк байкалып, өзүнүн келип чыгуусу жана маданиятынын мүнөзү боюнча этникалык болуп эсептелет. Кыргыз этникалык маданияты да бул өңүттө четте калган жок. Ал адегенде ага советтик мезгилде эле массалык мүнөз берүү тарабындагы олуттуу өзгөрүүлөрдү башынан кечирди. Кыргызстанда заманбап шаарлар курулду, алар салттуу кыргыз коомун, анын негиздерин жана мурунку мезгилдерде салыштырмалуу оолактаган мүнөздө болуу менен өзгөчө туруктуулукту тапкан жалпы эле маданиятты кыйла эффективдүү жана туруктуу түрдө кыйраткан материалдык маданий негиз жана каражат болуп калган.

Адамзаттын өзгөчө маалыматтык өнүгүүсү эстетикалык кабыл алуу, баа берүү, табит жана аны менен бирге өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык

тарбиялоо менен байланышкан көптөгөн маселелерди жаратты, алар олуттуу деңгээлде нукура маданий, руханий жана менталдык өзөктөн оолактоо менен идеологиялык жана эстетикалык аныксыздык абалында калды. Жаш-муундар турмуштук тажрыйбасынын жана калыптанган түшүнүктөрүнүн, көз караштарынын аздыгынын натыйжасында күнүмдүк жашоо-турмушта дайыма эле салттуулук менен дал келе бербеген сырттан танууланган эстетикалык көз караштарды, идеалдарды, табиттерди жана баалуулуктарды тандашат. Натыйжасында акыркылар улуттук маданияттан сүрүлүп чыгарылып, тарыхый процесстан оолактап калышат.

Кийим өзүнө материалдык жана руханий башталыштарды камтып, утилитардыкты руханийлик менен айкалыштырган бирден-бир маданий жана руханий феномендерден болуп саналат жана ошол себептен биз изилдөөнүн бир предмети катары кийимди алып, анын мисалында эстетикалык түшүнүктөр, көз караштар, аң-сезим, табиттер ж.б.у.с. кантип жана эмнеге өзгөрүп жаткандыгын байкоого болот. Жогоруда айтылгандардын баары диссертациялык изилдөөнүн тандалып алынган темасынын актуалдуулугун аныктайт.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери** болуп батыш европалык изилдөөчүлөр Баумгартен, Дидронун, Руссонун, И. Кант, А.Шегель, В. Шлегель, В. Шлейермахердин орус окумуштуулары Н.Чернышевскийдин, В.Белинсикйдин, Луначарсикийдин фундаменталдуу эмгектери, советтик эстетиктер Ю. Боревдин, В. Вансалов, В. Гусевдин, М.Кагандын, В.Скатерщиковдун, С.Раппопорттун, Д.Среднийдин, А.Лосевдин, В.Шестаковдун, П.Сорокиндин ж.б. ал эми кыргыздын белгилүү авторлору А.Салиев, Т.Аскаров, С.Мукасов, Ж.Урманбетова, Р.Стамованын философиялык эмгектери иштин жазылышына негизги таяныч болду

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети**. Изилдөөнүн объектиси болуп жаш муундардын эстетикалык табитинин калыптануусу саналат, ал эми предмети болуп эстетикалык табиттин маңызы жана социалдык механизмдери эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Изилдөөнүн максаты болуп ааламдашуу шартында өсүп келе жаткан муундардын эстетикалык табитин калыптандыруу маселелерин социалдык-философиялык талдоо саналат.

Белгиленген максатка ылайык диссертациялык иштин төмөнкү милдеттери аныкталды:

1) эстетикалык тарбиянын маңызын ачып берүү жана анын негизги категорияларын аныктоо;

2) эстетикалык тарбиянын негизги категориясы болуп саналган «эстетикалык табит» түшүнүгүн талдоого алуу;

3) өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоонун башкы фактору болуп саналган кийим-кечекти талдоого алуу:

4) заманбап ааламдашуу процессинин жана мода индустриясынын шарттарындагы эстетикалык маданияттын калыптануусунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

5) эстетикалык тарбиялоодогу кыргыз салттуу кийиминин ролун аныктоо;

6) ааламдашуу жана массалык маданият доорундагы кыргыз улуттук кийиминин эволюциясын, эстетикалык түшүнүктөрүнүн жана табитинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

**Иштин илимий жаңылыгы.** Азыркы мезгилге чейин Кыргызстанда өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен байланышкан маселелерге арналган комплекстүү философиялык изилдөөлөр аз. Аталган эмгек белгилүү бир деңгээлде аталган боштукту толуктап турат.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгына төмөнкү жоболорду кошууга болот:

- эстетикалык тарбиянын маңызы ачылып берилип, анын негизги категориялары аныкталды;

-эстетикалык тарбиянын негизги категориясы болуп саналган «эстетикалык табит» түшүнүгү талдоого алынды;

-өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоонун фактору болуп саналган кийим-кечек талдоого алынды;

-заманбап ааламдашуу процессинин шарттарындагы эстетикалык маданияттын калыптануусунун өзгөчөлүктөрү изилденди;

-эстетикалык тарбиялоодогу кыргыз салттуу кийиминин ролу аныкталды;

ишмердүү, адамдын жашоо турмушунун бардык чөйрөлөрүн камтып турат. Ал адамдын мүнөзүн аныктап, андагы сезимдик жана интеллектуалдык башталыштардын өнүгүүсүнө, өзгөчө анын жашоосунун баштапкы этабында, искусствонун, табияттын, адамзат карым-катнаштарынын жана курчап турган турмуштук мейкиндигинин каражаттары менен багытталган. Эстетикалык тарбиялоо ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүндө, анын эмоциясына дайыма таянуу менен жүзөгө ашырылат. Ошону менен бирге тарбиянын ар бир тарабына эстетикалык аспект берилиши ыктымал.

2. Ар бир маданий-тарыхый доор эстетикалык табитти жана эстетикалык ац-сезимдин структурасындагы эстетикалык жөндөмдүүлүктөрдү өз алдынча чечмелеп, түшүндүрөт. Ар бир маданий мезгилде эстетикалыктын ар кыл модификацияларына болгон ыкмалар, баа берүүлөр берилгендигине карабастан адамда эстетикалык тандоо жана эстетикалык тандоолорду билдирүү сыяктуу эстетикалык табиттин калыптануу маселелеринин актуалдашуу деңгээли берилген. Бир дагы маданий-тарыхый доор, азыркы мезгилде алганда да кандайдыр-бир маданий баалуулук катары жеке бир, көз карандысыз көз караш, эстетикалык же көркөм табит, талант, жашоо-турмуштун стили же белгилүү бир образ болуп калуусу үчүн өбөлгөлөрдү түзгөн жок.

3. Кийимдин, ошондой эле эстетикалык тарбияга тийиштиги бар бардык эстетикалык касиеттери, анын ичинде табитти тарбиялоо моданын татаал жана көп кырдуу механизми аркылуу жүзөгө ашырылып, көптөгөн дисциплиналардын, анын ичинде философиянын, маданият таануунун, психологиянын, искусство таануунун, семиотиканын, экономиканын жана социологиянын изилдөөлөрүнүн предмети болуп саналат. Социологдор үчүн мода жаңы социомаданий формаларды киргизүүнүн каражаты болуп эсептелет. Семиотиктер үчүн ал бирден-бир белгилик системалар катары кызмат кылат. Маданият таануучулар мода деп маданияттын үлгүлөрүнүн мезгилдик алмашуусун түшүнүшөт. Искусство таануучулар моданы эстетикалык идеал катары карашат. Экономистердин пикиринде – бул белгилүү бир продуктыны өндүрүү жана жүзөгө ашыруу менен байланышкан жаңылануга болгон умтулуу. Психологдордун көз карашында мода – бул окшоштуруу жана таасир берүү. Модага болгон жогорудагы көз караштар кандайдыр-бир деңгээлде, түзбү же кыйыр түрүндөбү өсүп келе жаткан муундардын тарбиясына, анын ичинде эстетикалык тарбиясына тиешеси бар.

4. Азыркы кийимдин, костюмдун эстетикасы глобалдык масштабда олуттуу бир деңгээлде өзүнүн келип чыгуусу жана стили боюнча европалык

болуп саналат. Демек, кийимдин адамдардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна болгон таасири менен байланышкан эстетикалык тарбия олуттуу бир ченемде батыш эстетикалык табитинин, стилинин жана маданиятынын алкагында болот. Ошондуктан биздин изилдөөбүз үчүн европалык кийим кантип жана кандайча башка элдердин, анын ичинде кыргыздардын маданий өзөгүндө орноп калгандыгын, бир эле азиялык цивилизацияга таандык эмес экендигин, өзүнүн тарыхынын олуттуу бөлүгүндө көчмөн жашоо шарттарында болгондугун, бардык отурукташкан цивилизациянын, анын ичинде европалык жашоо образынан олуттуу түрдө айырмаланып турарын тактоо абдан чоң мааниге ээ.

5.Азыркы кыргыз моделдери кийимдин дизайнында салттуу материалдарды жана тигүү ыкмаларын, салттуу түстүк гамманы ж.б. активдүү колдонушуп, салттуу ыкмаларды азыркы тигүү технологиялары менен активдүү айкалыштырышууда. Азыркы улуттук кыргыз кийими эклектикалуу же башкача айтканда, анда салттуу кийимдин элементтери башка маданияттын стилдик белгилери менен айкалышып турушат. Ушуга байланыштуу белгилей кетүүчү нерсе, өсүп келе жаткан муундарды заманбап эстетикалык тарбиялоо да эклектикалык мүнөзгө ээ, анда башка маданияттардын элементтери басымдуулук кылып, жалпы дүйнөлүк тенденцияларды чагылдырып турат.

6. Кыргызстанда советтик мезгилде урбанизация процесси башталган. Шаар менен бирге мурун кыргыздарга таандык болбогон шаар маданияты пайда болгон. Кыргыздар тарыхтын дээрлик өзүнүн көчмөнчүлүк мезгилинде шаардан, демек, шаар маданиятынан жана жашоо образынан оолакташкан. Массалык түрдө отурукташкан жашоо образына өтүү менен кыргыздар өзүлөрү үчүн жаңы болгон ишмердүүлүктүн түрүн кабыл ала баштакан, ал эми алардын белгилүү бир бөлүгүнүн кийими шаарга ыңгайлашкан, б.а. европа стандартына, стилине жана тигүүсүнө жакындашкан шаардык жашоо образына ыкташкан. Салыштырмалуу өнүккөн инфраструктура, анын ичинде маалыматтык шарттарында, түпкү калктын калың катмары мурун кыргыз реалдуулугу менен дал келишпеген башка маданияттардын элементтерин кабыл ала башташкан. Шаар салттуу коомду, аны менен бирге салттуу тарбияны, эстетиканы жана кийимди кошо ырааттуу түрдө кыйрата баштаган каражат болгон.

Диссертациянын структурасы жана көлөмү изилдөөнүн максаттары менен милдеттерине туура келет. Ал киришүүдөн, өзүнө 6 параграфты

камтыган үч баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат

**Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!**

**Төрайым:** Изденүүчүгө суроолорду берсеңиздер?

**Стамова Р.**: Табит категориясы И.Канттын эмгектеринде канай каралган?

**Акматова Г.**: Атактуу немец философу И. Канттын эмгектеринде байкалгандай табит эстетиканын негизги категориялардын бири. «Критика способности суждения» жана «Антропология» деген эмгектеринде табит проблемасына көп кайрылган. Анын пикиринде табит сулуулукту талдоо үчүн керек, ал эми суулукту, кооздукту жаратуу үчүн акыл керек. Табит, демек, адамдын жана жаратылыштын кооздугуна, искусствонун көркөмдүгүнө баа берүү үчүн зарыл, бирок искусствону жаратууда анын тийешеси жок деп эсептейт. Канттын изилдөөлөрүнүн борбордук бөлүгүн «табиттин антиномиясы» ээлейт. Негизи эле табитти анализдөөдө көп карама-каршылыктуу жактары көрүнөт. Бир жагынан табит абдан индивидалдуу, жеке ар бир адамдын өзүнө гана тийешелүү нерсе. Ошондуктан «бирөөнүн табитин талашпоо керек» деген белгилүү латын макалы эске алынат. Экинчи жагынан алсак, бул жеке эле субъективдүү сезим эмес, ал жалпыга, коомчулукка да тиешелүү көрүнүш. Демек, коомчулукка тиешелүү болуп жаткан соң сөзсүз, табит жөнүндө сөз кылуу керек. Канттын эстетикасы дуалистик принципке негизделет; жекелик жана жалпылык, индивидуалдык менен көпчүлүк, субъективдүүлүк жана объективдүүлүктүн ортосунда дайыма карама-каршылыктар болуп келерин баса белгилейт.

**Айдарова Д.:** Эстетикалык табиттин калыптанышынын негизи кандай, эмне таасир берет?

**Жооп:** Эстетикалык табит эстетиканын маанилүү категориясы катары дайыма изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун туудуруп келген. Табиттин философиялык маңызы жана психологиялык компоненттери, социалдык функциялары сыяктуу маселелер көптөгөн философтордун эмгектеринде талкууга алынган. Табит бул инсандын ички жан дүйнөсүнүн рухунун байлыгы. Адамга эстетикалык табит жаратылыштан ар кандай деңгээлде берилет, бирок табитти андан ары өнүктүрүү айлана чөйрөгө, тарбияга жараша болот. Алгач «табит» бир нерсеге, предметке же тамак ашка болгон сезүү реакциясын түшүндүргөн. Табит дагы турмуштук керектөөлөрдүн натыйжасында келип чыкан түшүнүк болгон. Алгач бул түшүнүктөр эч

кандай эстетикалык категория маанисин берген эмес. Кийинчерек маданияттын өнүгүшү жана эстетика илиминин дифференцияланышы менен бул терминдер алгачкы маанисин жоготуп, универсалдуу эстетиканын категорияларына айланган.

**Бекбоев А.:** Эстетикалык табит, эстетикалык идеал, эстетикалык тарбия боюнча жазылган эмгектер көп. Сиздин ишиңиз алардан эмнеси менен өзгөчөлөнөт деп ойлойсуз? Эстетикалык табиттеги эмоциялдуулук менен рационалдуулук деген эмне?

**Жооп:** Туура айтасыз, эстетикалык табит категориясы 17 кылымдан бери эле окумуштуулардын кызуу талкуусунда болуп келген. Айрыкча француз агартуучулардын эмгеги зор. Азыркы учурда дагы эстетикалык табитке арналган эмгектер бар, мисалы, орус изилдөөчүлөрү Салеев, Скатерщиков, Молчанованын эмгектерин атасак болот. Ал эми кыргыз философиясында эстетикалык табитке арналган эмгектер жокко эсе десек болот. Бирок эстетика элиминин өнүгүшүнө чоң салам кошкон А.Салиевдин, Т.Аскаровдун эмгектери биздин теманы ачып берүүдө чоң таяныч болду. Эстетикалык табит эстетикалык идеал, эстетикалык кабыл алуу, эстетикалык муктаждыктар менен диалектикалык биримдикте турат. Эстетикалык табитти биротоло берилген, өзгөрүлгүс нерсе катары элестетүү мүмкүн эмес, демек, эстетикалык табит узак убакыт аралыгында ишке ашуучу процесс. Эгерде эстетикалык табит жакшы көркөм табитти калыптандыруу үчүн зарыл негиз болсо, өз кезегинде адамдын бүткүл өмүрүнө созулган эстетикалык табитти ушундай калыптандыруу процессинин өзү адамдын эстетикалык аң-сезимине тескери таасирин тийгизет, аны байытат.

Азыркы мезгилге чейин Кыргызстанда өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен байланышкан маселелерге арналган комплекстүү философиялык изилдөөлөр аз. Биздин илимий ишибиз бул боштуктуу толтурууга арналып эстетикалык табитти комплекстүү изилдөөгө арналды, ошонусу менен айрымаланат деп ойлойбуз.

Эми экинчи суроонузга жооп берсем, эстетикалык табит эмоционалдуулук менен рационалдуулуктун диалектикалык биримдигинен турат. Жеке адамдын жана коомдун табити токтоп калган, кыймылсыз нерсе эмес. Ал мезгилге жана коомдук түзүлүшкө жараша өзгөрөт. Демек биздин сулуулук, эстетикалык идеал жөнүндөгү элестөөлөрүбүз да өзгөрөт. Адамзаттын тарыхына көз чаптырсак, адам баласы дайыма сулуулукка

умтулган, анын сырын түшүнүүгө жана андан рахат алууга аракеттенген. Чындыгында мунун өзү адам бактылуу болууга умтулгандай эле табыгый нерсе.

Эстетикалык табитке ээ адам айлана чөйрөгө, курчап турган дүйнөгө, искусствого жана адамдарга кылган мамилесинде эстетиканын негизги делген сулуулук, кооздук, көтөрүңкүлүк, пастык, трагедиялуулук жана комедиялуулук категорияларынын алкагында мамиле кылууга умтулат. Эстетикалык табит жеке адамдын же кандайдыр бир социалдык чөйрөдөгү адамдардын, класстардын жана ошондой эле жалпы коомчулуктун эстетикалык тажрыйбаларынын жыйындысы. Жеке адам болобу же жалпы эл коомчулук болобу так ошол эстетикалык тажрыйбаларына таянуу менен искусствонун сулуулугун, кооздугун барктайт, эстетикалык баасын аныктайт, ага эң жонокөй сезимдик – эмпирикалык деңгээлдеги пикирден баштап, татаал, далилдүү аргументтештирилген сынды айтат. Эстетикалык тажрыйба өтө зарыл нерсе. Муну турмуштагы эң жөнөкөй мисалдар аркылуу эле көрсөтүүгө болот. Өмүрү театрга барбаган адам театралдык искусствонун баркын түшүнбөйт, колуна китеп алып окубаган адамдын жан дүйнөсү жарды, сезими туюк болот. Убагында К.Маркс «Эгер сен искусстводон рахат алгың келсе, искусство жагынан сабаттуу болушуң керек» деген.

**Төрайым:** Анда талкууга өтсөк, сөз отделдин кызматкелерине берилсин, сөздү Гүлкайыр Мырзабековнага берсек.

**Жунушова Г.:** урматтуу диссертант, сиздин ишиңизди мен кызыгуу менен окудум десем болот. Себеби мен дагы кандадаттык ишимдин экинси параграфын эстетикалык табитке арнагам. Ошондуктан сиздин теманыз мага тааныш жана кызыктуу. Эстетикалык табит алгач испан ойчулу Моралис тарабынан киргизилген. Француз агартуучулары табитти өтө кызыгуу менен изилдешкен. Ал тургай Вольтер тарабынан француз энциклопедиясына киргизилген. Адам Смит «илимде интеллектин болушу кандай зарыл болсо, искусстводо табиттин болушу так ошондой зарыл. Илимде жалган идеялар кездешсе, искусстводо жалган табиттер кездешет» деген. Менин оюм боюнча диссертациялык жакшы жазылган. Материалдар жетиштүү. Бирок айрым кемчиликтер да жок эмес. Мисалы: эстетикалык табит менен көркөм табиттин жалпылыктарын жана айрымачылыктарын ачып берсе максатка ылайык болмок, бул биринчиден. Экинчиден, кыргыз матерниалдары өтө аз, конкертүү мисалдар менен ачык айкын берсе иш

мындан да жакшы болмок. Менин пикирим, баардык замечаниелерди эске алуу менен ишти коргоого сунуштаса болот.

**Төрайым**: Анда кийинки сөздү Айдаровада Динара Мамбетовнага берсек.

**Айдарова Д.:** Тема актуалдуу проблемага арналган, коомду эстетикалык жактан тарбиялоо бүгүнкү күндүн зарыл маселеси. Мода коомго жараша жаныланып турат. Жалан эски нерсе менен калбашыбыз керек. Жалпысынан алганда иш бар. Бирок кыргыз окумуштуулардын эмгектерин мисалы, Т.Аскаровдун эмгектерин эмне үчүн колдонгон эмессиз. Мен дагы жогоруда айткандага кошулам кемчилдиктерди, замечаниелерди эске алуу менен ишти коргоого сунуштаса болот.

**Мукасов Ы.**: Диссертация актуалдуу темага арналган. Иште алгачкы жолу ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетиткалык табитин калыптандыруу маселесине концептуалдуу эстетикалык-философиялык талдоо жүргүзгөн. Иште проблеманы толук камтыгын материалдар топтолгон, философиялык талдоодон өткөрүлгөн. Айрым кемчилдиктерди айтсак: иште методологиялык маселелер адашып калгандай, эмгекте орусчадан которулган материалдар кездешет. Жалпылап айтканда иш кандадаттык диссертацияга коюлган талаптарга жооп берет жана оң баа алууга арзыйт.

**Козубаев О.**: Илимий иштин темасын кайра ойлонуш керек, 60 пайызын калтырып калганын өзгөртсө болот деп ойлойм. Менде бир канча замечаниелер бар. Кант менен Гегелде өчүнүз бардай кайра-кайра цитата келтиртирсиз. Классиктерди кошсо эле диссертация андан өгөчөлөнүп кетпейт. Биздин окумуштуу эстетиктери эмне үчүн колдонгон эмессиз. Аскаровду, Салиевди, Матиевдер эстетика боюнча иштешкен. Илимий адабияттарды канчалык туура колдонуп жатасыз. Изилдөөнүн объектиси жана предмети деген эмне. Диссертацияда озүнүздүн позицияныз жок. Улуттук менен глобалдуулуктун синтези кандай., ошону ачык көрсөтүнүз. Иштин темасы – табит, тексте - тарбия тууралуу коп айтылат. Анан классиктерди которууда өтө абайлаш керек. Жетекчиниз менен иштеп, айтылган пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылса болот. **Бекбоев А.:** иштин педагогикага жакындап калганы тууралуу айтылды. Эми азыр теманы алмаштырууга болбойт. Педагогикага жакындаган ишти философияга айландыруу керек. Орус тилинен калькаланган создөр өтө көп. Параграф, главаларды атоодо кыргыз тилинин логикасына баш ийдирүү зарыл. Орусча жазылган эмгектердин орой таасиринде калганы көрүнүп турат. Эстетикалык табитти же эстетикалык тарбияны караш керек. Бирок

дагы убакыт бар, дагы иштеп, пикирлерди эске алуу менен крогоого сунуштаса болот.

**Стамова Р.:** Рахмат коллегалар, диссертациялык иш боюнча жыйынтыктап, мен пикиримди айтсам. Жаш муундарда эстетикалык табитти тарбиялоонун маанилүүлүгү талашсыз, айрыкча глобалдашуу шартында унификация жана нивелировка процессы уланып жатканда.

Теманы конкреттештирүү керек, анткени билим берүү педагогика менен көбүрөөк байланыштуу, ошондуктан " философиялык талдоо» айтылган көйгөйлөрдү кабыл алууда ашыкча болмок эмес.

Белгилей кетсек, болмуштун эстетизациясы айкын болуп жатат. Эстетикалык табит-бул инсанды эркин баалоонун формасы, адамдын дүйнөнү чыгармачылык менен өздөштүрүүсү азыркы шарттарда олуттуу түрдө өзгөрдү. Заманбап маданият баалуулуктар системасын бүдөмүктөтүү, стилдердин аралашуусу, көркөм жана күнүмдүк маданияттын ассимиляциясы парадигмасында өнүгөт. Башкача айтканда, мунун баары диссертациялык изилдөөдө баса белгилөөгө арзый турган эстетикалык даамдын жаңы үлгүлөрүнүн пайда болушун шарттады.

Ошондой эле, дүйнөдө адамдын өзүн-өзү актуалдаштыруунун формасы катары даамдын иштешине көңүл буруу маанилүү, Бул теориялык бөлүккө байланыштуу. Кыргызстан боюнча жетекчилерге келсек: жергиликтүү материалдарды көп колдонуу менен күчтөндүрүүгө көңүл буруу зарыл. Эстетикалык табитке дин, айрыкча ислам таасир этти: стилдин кескин өзгөрүшү жана башкалар. Приемкага сунуштайм, бирок айтылган кемчиликтерди эске алуу менен.

**Жыйынтык:**

**Теманын актуалдуулугу:** Табит категориясы эстетика илиминде негизги категориялардын бири. Эстетикалык табиттин болушу абдан маанилүү. Шарль Баттенин сөзү менен айта турган болсок «табиттин искусстводо болушу, илимде интеллектин болушундай эле маанилүү» нерсе. Интеллект чындыкты жалгандан ажыратуу болсо, табит жамандан жакшыны (искусстводогу) ажырата билүү жөндөмдүүлүгү, бирок ал өзөнөн өзү жаралбайт аны калыптандырып жана тарбиялоо зарыл. Табит ар бир адамга табият тарабынан тигил же бул деНгээлде берилет, бирок ал ар кимде ар кандай деёгээлде, ар кандай шаттарга жараша калыптанат. Демек эстетикалык табитти калыптандырууда моданын таасири чоң. Эстетикалык табит бул – субъектин кандайдыр бир нерсеге болгон сезимдик реакциясы. И.Канттын сөзү менен айтканда «табит бул - сулуулукту баалай билүү жөндөмдүүлүгү».

Мода, өзгөчө өзүнүн заманбап формасы жана шарты боюнча бир топ карама-каршы социалдык-психологиялык, эстетикалык жана маданий көрүнүш болуп саналат. Кийим-кече азыркы учурда адам ишмердүүлүгүнүн багыттарынын бири, тамак-аш сыяктуу кирешенин жогорку деңгээли менен

мүнөздөлгөн товарлардын жана керектөөлөрдүн формалары, аларды канааттандыруу, бир жагынан, турмуштук зарылчылык, ал эми экинчи жагынан, эстетикалык жактан талап. Моданы, анын өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөнүн зарылчылыгы экономика менен гана эмес, жаңы адамды тарбиялоонун социалдык көйгөйлөрү менен да байланыштуу. Мода – бул массалык жүрүм-турумдун формасы гана эмес, адамдар бири-бирине тигил же бул таасир калтырууга аракет кылганда, конкреттүү инсандардын ортосундагы мамилелердин, адамдардын ортосундагы байланыштын бир түрү болуп саналат. Бул мамилелер эң оболу кыйыр формадагы социалдык-психологиялык себептерден улам келип чыгат.

XXI кылымдын башындагы ааламдашуу эки карама-каршы тенденциянын өз ара аракети катары көрүнөт, анын биринчиси маданий универсализм, этникалык өзгөчөлүктү теңдөө жана коомду бир тектүү социалдык-маданий субъектке айландыруу процесси менен шартталып, жеке адамдардын, адамдардын топторунун, катмарларынын этностук өзгөчөлүктү локалдаштыруу каалоосу менен байланышкан, маданий жана аймактык өзгөчөлүктөргө басым жасайт. Бул эки тенденциянын жанаша жашоосу жана өз ара аракеттенүүсү, күрөшү адамзаттын ааламдашуучулук маданиятынын бирдиктүү мейкиндик катары калыптанышына алып келет. Анын чегинде ар кандай улуттук компоненттер бири-бирине таасир тийгизет.

Кыргыздын улуттук кийиминин түптөлүшүнө жана азыркы абалына узак тарыхый мезгилдеги факторлордун бүтүндөй комплекси таасирин тийгизип жатат, алардын ичинен эң негизгилери: жаратылыш-климаттык шарттар; кийимдин пайдалуу максаты; өндүрүш каражаттарын өнүктүрүү даражасы; кийим тигүү ыкмасы; кийим өндүрүү процессинде колдонулуучу аспаптардын жана материалдардын мүнөзү; салттуу эстетикалык идеялар жана канондор; кийимдин ырым-жырымдык-диний, аземдик функциялары; кийим өндүрүү багытталган керектөөчүнүн социалдык-экономикалык абалы; саясий чөйрө жана кырдаал; башка маданияттардын таасирине дуушар болуу даражасы жана мүнөзү.

Жогоруда айтылгандар биз тандаган теманын акуалдуулугун айгенелейт.

1. **Автордун диссертациялык илим-изилдөөнүн жыйынтыгына айкын катышуусу.** Диссертациялык иш автор тарабынан оз алдынча аткарылган. Эмгекте иликтөөгө алынган проблеманы илимий деңгээлде чечүү үчүн эстетика жана философияга байланыштуу маселелерди терең өздөштүрүп, бай материалдардын негизинде эстетикалык табит категориясынын калыптанышы

жана анын өсүп келе жаткан муунду эстетикалык тарбиялоодо орду сыяктуу проблемаларга философиялык анализ жүргүзүлгөн.

**2. Диссертанттын изилдөөсүнүн теориялык-методологиялык жобосу,** методдору иштин мазмунуну жанан логикалык түзүлүшү менен шартталган. Илимий иште алдыга койгон маселени чечүүдө изилдөөнүн ар түрдүү методдорунун комплекси колдонулган, айрыкча салыштырма-тарыхый, системалуу жана логикалык методдор колдонулган. Изилдөөчүнүн диссертациялык изилдъдън чыгарган тыянактары илимий теориялык жактан ишенимдүү.

**3. Жүргүзүлгөн изилдөө ишинин ишеничтүүлүгүн** автор тарабынан сунушталган жоболордун практикада колдонуу **мүмкүнчүлүктөрү тастыктайт.** Диссертациялык иштин негизинде апробацияланган практикалык аракеттер, ишти талкуулоо учурунда берилген компитеттүү илимпоздордун эмгекке карата берилген баалары да бул проблеманын негизинде жүргүзгөн изилдөө ишинин ишеничтүүлүгүн ырастайт.

**4. Диссертациялык иштин жацылыгы.** Азыркы мезгилге чейин Кыргызстанда өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен байланышкан маселелерин комплекстүү философиялык изилдөө диссертациялык иштин илимий жаңылыгы болуп эсептелет. Эмгекте эстетикалык тарбиянын маңызын ачып берүү жана анын негизги категорияларын аныктаган, эстетикалык тарбиянын негизги категориясы болуп саналган «эстетикалык табит» түшүнүгүн талдоо, өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоонун башкы фактору болуп саналган кийим-кечектин ролу каралган, заманбап ааламдашуу процессинин жана мода индустриясынын шарттарындагы эстетикалык маданияттын калыптануусунун өзгөчөлүктөрүн талданган, эстетикалык тарбиялоодогу кыргыз салттуу кийиминин ролу жана заманбап коомдогу трансформациясы каралган.
**5. Илимий иштин жыйынтыгынын негизинде** эмгектин аяктаганын эске алуу менен диссертацилык иш коргоого сунушталсын
Макул: 10.
Каршы – жок;
Калыс – жок.

## ТОКТОМ:

1. Өткөрүлгөн талкуунуну негизинде Г. Э. Акматованын "Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетиткалык табитин калыптандыруу

маселелери” аттуу темадагы илимий иши кандидаттык диссертациянын талаптарына жооп берген иш деп эсептелсин.

2. Айрым сунуш-пикирлерди эске алуу менен Акматова Гульнара Эргешовнанын “Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетиткалык табитин калыптандыруу маселелери” аттуу темадагы илимий иши 09.00.11 – социалдык философия адаистиги боюнча коргоого сунуш кылынсын.
3. Атайын дисциплина боюнча экзамен тапшыруу программасы түзүлсүн.

**Жыйындын төрайымы:**

**филос. и. д., профессор** **Р. Д. Стамова**

**Катчы:**

**филос. и. к.** **Г. М. Жунушова**

**Акматова Гульнара Эргешовнанын**
**09.00.11- социалдык философия адистигине социалдык философия боюнча атайын түзүлгөн кандидаттык экзамендин программасы**

**Атайын программанын мазмуну**

Атайын программанын кандидаттык экзамендин программасы ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетикалык табитин калыптандыруу маселелери,ааламдашуунун алкагындагы кийим-кечектин маданий-эстетикалык өзгөчөлүгү жана теориялык мааниси боюнча бөлмдөрдү камтыйт.

**Адабияттардын тизмеси:**

I. Монографиялар, чыгармалар топтому, энциклопедиялар, справочниктер


1. Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М. Абрамзон / Авт. вступ. ст. С.Т.Табышалиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 480 с.
2. Адлер, Б.Ф. Возникновение одежды [Текст] / Б.Ф. Адлер. – СПб. Худ. типолитография Вейерман А.В., 1901. – 84 с.Адорно, Т. Эстетическая теория [Текст] / Т. Адорно. – М.: Респуб-лика, 2001. – 527 с.
3. Айтмамбетов, Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX века [Текст] / Д. Айтмамбетов. – Фрунзе: Илим, 1967. – 310 с.
4. Акиндинова, Т.А. Эстетика Канта: от метафизики красоты к анали-ти ке вкуса [Текст] / Т.А. Акиндинова // История эстетики. – СПб. 2011. – 512 с.
5. Акмолдоева, Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов (по материа-лам эпоса «Манас») [Текст] / Ш.Б. Акмолдоева. – Бишкек: Илим, 1998. – 286 с.
6. Аничкин, С.А. Развитие творчества детей младшего школьного возраста в основных видах их деятельности [Текст] / С.А. Аничкин // Акти-визация творческой деятельности детей младшего школьного возраста. – Свердловск, 1984. – 87 с.
7. Бек, У. Что такое глобализация? Ошибки глобализма – ответы на глобализацию [Текст] / У. Бек. – М.: Прогресс-Традиция, 2001. – 304 с.
8. Белинский, В. Г. Полное собрание сочинений: В 13 т. / АН СССР, Ин-т рус. лит. (Пушкин. дом); редкол.: Н.Ф. Бельчиков (гл. ред.) и др. – М. : Изд-во АН СССР, 1954. – Т. 4. Статьи и рецензии. 1840–1841 / [текст подгот. и коммент. сост. Л.Н. Назарова и др.; ред. Н.Ф. Бельчиков]. – 675 с.
9. Бердяев, Н.А. Философия неравенства [Текст] / Н.А. Бердяев. – Берлин, 1923. – 246 с.
10. Блейз, А.И. История в костюмах [Текст] / А.И. Блейз. – М. :Олма-Пресс, 2001. – 177 с.

11.Блохина, И.В. Всемирная история костюма, моды и стиля [Текст] / И.В. Блохина. – Минск: Харвест, 2007. – 391 с.
12.Богатырев, П.Г. Вопросы теории народного искусства [Текст] / П.Г. Богатырев. – М.: Искусство, 1971. – 544 с.
13.Богуславский, В.М. Философия в Энциклопедии Дидро и Далам-бера [Текст] / В.М. Богуславский / Ин-т философии. – М.: Наука, 1994. – 720 с.
14.Брун, В., Тильке М. История костюма от древности до Нового времени [Текст] / В. Брун, М. Тильке. – М. : Эксмо, 2007. – 464 с.
15.Буров, А.И. Эстетика: проблемы и споры [Текст] / А.И. Буров. – М.: Ис¬кусство, 1975. – 175 с.
16.Верб, М.А. Эстетическая культура школьника: Курс лекций [Текст] / М.А. Верб. – СПб.: Академия, 1997. – 142 с.
17.Вопросы теории эстетического воспитания [Текст] / Под ред. Г.З. Апресяна. – М.: Изд-во МГУ, 1970. – 112 с.
18.Выготский, Л.С. Психология искусства [Текст] / Л.С. Выготский. – М: Искусство, 1968. – 576 с.
19.Гачев, Г. Национальные образы мира. Центральная Азия: Казах-стан, Киргизия. Космос Ислама (интеллектуальные путешествия) [Текст] / Г. Гачев. – М.: Сервис, 2002. – 784 с.
20.Гегель, Г.В.Ф. Эстетика [Текст] / Г.В.Ф. Гегель. – М.: Искусство, 1968–1973. – Т. 3. – 623 с.
21.Гемават, П. Мир 3.0: Глобальная интеграция без барьеров [Текст] / П. Гемават. – М.: Альпина Паблишер, 2013. – 415 с.
22.Герман, Ш.М., Скатерщиков, В.К. Беседы об эстетике [Текст] / Ш.М. Герман, В.К. Скатерщиков. – М.: Знание, 1982. – 224 с.
23.Гофман, А.Б. Мода и люди: Новая теория моды и модного поведе-ния [Текст] / А. Б. Гофман. − 3-е изд. − М.: Приор, 2004. – 208 с.
24.Дошкольная педагогика [Текст] / Под ред. В.И. Логиновой, П.Г. Саморуковой. – М.: Просвещение, 1983. – 280 с.
25.Дудникова, Г.П. История костюма [Текст] / Г.П. Дудникова. – Ро-стов-на-Дону: Феникс, 2003. – 443 с.
26.Ермилова, Д.Ю. История домов моды [Текст] / Д.Ю. Ермилова. – М.: Издательский центр «Академия», 2003. – 288 с.
27.Зелинг, Ш. Мода. Век модельеров. 1900–1999 [Текст] / Ш. Зелинг. – Кельн: KONEMANN, 2000. – 457 с.
28.Иконы стиля. История моды XX века [Текст] / Под ред. Герды Буксбаум. – СПб.: Амфора, 2009. – 192 с.
29.Ингарден, Р. Исследования по эстетике [Текст] / Р. Ингарден. – М., 1962. Издательство иностранной литературы, 1962. – 572 с.
30.Искусство и промышленность [Текст] / Под ред. В. П. Толстого, К. М. Кантора. – М.: Искусство, 1967. – 156 с.
31.Кавамура, Ю. Теория и практика создания моды [Текст] / Ю. Ка-вамура. – М.: Гривцов Паблишер, 2009. – 192 с.

53. Скатерщиков, В.К. Твой эстетический вкус [Текст] / В.К. Скатерщиков. – М.: Знание, 1963. – 48 с.
54. Смольская, Е.Л. «Массовая культура»: развлечение или политика? [Текст] / Е.П. Смольская. – М.: Мысль, 1986. – 144 с.
55. Смольянов, И.Ф. Прекрасное в человеке [Текст] / И.Ф. Смольян-ннов. – Л.: Лениздат, 1962. – 184 с.
56. Стамова, Р.Д. Личность в современном Кыргызстане [Текст]: монография / Р.Д. Стамова. – Бишкек, 2008. – 148 с.
57. Устюгова, Е.Н. Романтическая душа в поисках формы [Текст] / Е.Н. Устюгова // История эстетики. – СПб. 2011. – 288 с.
58. Уткин А.И. Глобализация: процесс и осмысление [Текст] / А.И. Уткин. – М.: Логос, 2001. – 255 с.
59. Шубин, Г.Г. Мода и эстетическая культура [Текст] / Г.Г. Шубин. – М.: Знание, 1987. – 64 с.
60. Эстетическое воспитание школьников [Текст] / Под ред. М.Д. Таборидзе. – М.: Педагогика, 1988. – 104 с.
61. Эстетическое сознание и процесс его формирования / Отв. ред. Н.И. Киященко, Н.Л. Лейзеров. – М.: Искусство, 1981. – 256 с.
62. Юм, Д. О норме вкуса [Текст] / Д. Юм // Из истории английской эстетической мысли XVIII века. – М.: Искусство, 1982. – 422 с.

## II. Макалалар, конференциянын материалдары

63. Апресян, Г.З. Эстетическое сознание. Объективные и субъективные факторы его формирования [Текст] / Г.З. Апресян // Эстетическое сознание и процесс его формирования. – М.: Искусство, 1981. – С. 30–39.
64. Гофман А. Б. Мода и люди. Новая теория моды и модного поведения. Глава 7. – СПб: Питер, 2004. – С. 164–182.
65. Гузявичуте, Р.А. Цикличность моды XX в. [Текст] / Р.А. Гузяви-чуте // Мода и промышленное моделирование одежды: докл. на Всесоюзн. научн. конф. (16–18 янв. 1979 г.). – М. : Моск. текст. институт, 1979. – С. 15–35.
66. Гурова, О. Fast Fashion: быстро сшить, быстро продать, быстро выбросить. Концепция моды и потребление вещей в современном россий-ском обществе [Текст] / О. Гурова // Экономическая социология. – 2008. – Т. 9. – № 5. – С. 56–67.
67. Давыдова, В.В. Костюм в пространстве культуры. Виртуальное пространство культуры [Текст] / В.В. Давыдова // Материалы научной конференции 11–13 апреля 2000 г. СПб.: Санкт-Петербургское философское общество, 2000. – С. 191–195.
68. Кантор, К.М. Мода как стиль жизни [Текст] / К.М. Кантор // Мода: за и против / под ред. В. И. Толстых. – М.: Искусство, 1973 – С. 141–203.
69. Килошенко, М.И. Мода: от подражания к индивидуализации [Текст] / М.И. Килошенко // Вестник Санкт- Петербургского государствен-ного университета. Серия 6. – 2005. – № 1. – С. 92–97.

70. Межуев, В.М. Культура в эпоху глобализации [Текст] / В.М. Межуев // Социокультурная антропология. История, теория и мето-дология. – М., 2012. – С. 688–694.
71. Орехов, В.Д., Каранашев, А.Х., Щенникова, Е.С. Прогнозирова-ние темпов роста России в сопоставлении с динамикой крупнейших эконо-мик до конца XXI века [Текст] / В.Д. Орехов, А.Х. Каранашев, Е.С. Щен-никова // Московский экономический журнал. – 2021. – №8. – С. 190–227.
72. Петров, Л.В. Феномен моды в процессе межличностного общения [Текст] / Л.В. Петров // Категории этики и эстетики / Ред. кол. А.П. Валиц-кая и др. – Л., 1973. – С. 147–158.
73. Плешкова, И.С. «Концептуальный» костюм как доминирующее явление в проектировании одежды на рубеже XX–XXI вв. [Текст] / И.С. Плешкова // Вестник Вятского государственного университета. – 2010. – №2–2. – С. 175–178.
74. Толстых, В.И. Мода как социальный феномен [Текст] / В.И. Тол-стых // Мода: за и против / под. ред. В.И. Толстых. – М. : Искусство, 1973. – С. 7–39.

## Пайдаланылган шилтемелер:

1. https://d-34.livejournal.com/283501.htmlForeign
2. https://inosmi.ru/20210106/230826736.html
3. https://ru.wikipedia.org/wiki/
4. https://ru.wikipedia.org/wiki/Британская_империя
5. https://ru.wikipedia.org/wiki
6. https://ru.wikipedia.org/wiki
7. https://ru.wikipedia.org/wiki

## Атайын программага түзүлгөн сроолордун тизмеси

1. Кийимдин жаралышы жана маанилүүлүгү
2. Кыргыз элинин маданий баалуулуктары
3. Инсанды калыптандырууда эстетикалык тарбия
4. Көркөм чыгармачылыктагы сулуулуктун мааниси, орду жана формалары жөнүндөгү философиялык окуу
5. Искусствонун философиясы
6. Эстетиканын илимдеги кыскача тарыхы
7. Эстетикалык аныктама (маданият, табит, билим, аң-сезим, мамиле)
8. Рухий маданият жана анын негизги функциялары
9. XVIII кылымдын “Табит кылымы” деп аталышы
10. Романтизмдин эстетикасы массалык маданияттын көркөм кыймылы катары
11. Философия системасында эстетиканын негизделиши

12. Филсофиянын кооз жана улуу дүйнөсүнүн аналитикасы
13. Теңсиздиктин негизги түрлөрү жана алардын касиеттери
14. Ааламдашуунун мүнөздөмөлөрү жана тенденциялары
15. Ааламдашуунун терс кесепеттери
16. Ааламдашуунун формалары
17. Ааламдашуунун факторлору
18. Ааламдашуунун себептери
19. Мода дүйнөсүнүн тарыхы жана өнүгүүсү
20. Эстетика илим катарында. Эстетика предмети жана анын маселелери
21. Эстетика искусствону толуктай алабы?
22. Эстетиканын көркөм чыгармачылык менен байланышы
23. Эстетикалык категориялар
24. Искусствонун эстетикасы
25. Эстетикалык табитти калыптандыруу
26. Кийимдин философиялык мааниси жана функциялары
27. Кийимдин эстетикалык өзгөчөлүктөрү жана касиеттери
28. Мода эң маанилүү коомдук көрүнүш катары
29. Моданын социалдык функциясы
30. Төрт түшүнүк: “Табит”, “Стил”, “Кийим” жана “Мода”
31. Эстетиканын жекече кабылдоосу жана табити.
32. Кийимдин философиялык мааниси жана функциясы
33. Батыш Европа цивилизациясынын башка элдерге тийгизген таасири
34. Евроцентризм – Европа маданияты жана цивилизациясы
35. «Табит» түшүнүгүнүн келип чыгышы
36. Табит эстетикалык тажрыйбанын башкы өбөлгөсү катарында
37. И.Канттын эстетикалык теориясы
38. Эстетикалык табит - бул конкреттүү объекттерге карата
39. Социологиядагы «Мода» феноменинин концептуализациясы
40. Мода: имитациядан жекелештирүү
41. Мода дискурсунун өзгөчөлүктөрү
42. Мода концепцияларынын эволюциясы
43. Көркөм табит түшүнүгүнүн пайда болуу концепцияларын талдоо
44. Эстетикалык тарбия өсүп келе жаткан адамдын рухий маданиятын өнүктүрүүнүн башкы шарты катарында
45. Рухий маданият эмнени билдирет?
46. Маданияттын негизги функциялары
47. «Табит» түшүнүгүнүн келип чыгышы
48. Костюмдун функциясынын символикалык белгилери
49. Кийимдин каада-салттуу даражалары жана мифологиялык негиздери
50. Кыргыздын баш кийимдеринин мааниси
51. Маданияттын негизги функциялары
52. Кыргыздын салттуу кийимдери
53. Улуттук кийимдердин консерватизми
54. Көчмөндөрдүн кийимдеринин жашоо-чарбачылыктагы мүнөзү
55. Кийимдеги маданий ааламдашуу процесси. Мода индустриясы

56.Этникалык иденттүүлүктүн көйгөйлөрү
57.Кийимдеги этникалык стиль
58. Элдик кийимдер этномаданий салттардын статикалык объектиси
59.Ганс-Георг Гадамердин герменевтикалык долбоорунда «Табит» жана «Мода» түшүнүктөрүн айырмалоонун мааниси.

**Председатель:**
**доктор философских наук, профессор ____________ Стамова Р. Д.**

**Ученый секретарь:**
**кандидат философских наук ____________ Жунушова Г. М.**